| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>МОСКВА РАЙОНУ<br>НАРЗАН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МОСКОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>НАРЗАНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**ТОКТОМ № 17**

**28 май 2024-жыл** **Беловодское а.**

**Нарзан айыл өкмөтүнүн социалдык суроолор боюнча бөлүмүнүн балдардын укугун жана кызыкчылыгын камсыздоо боюнча 2024-жылдын 1-2 кварталындагы аткарылган иштери тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө Кодексинин 20-беренесинин негизинде Нарзан айыл өкмөтүнүн социалдык суроолор боюнча бөлүмүнүн балдардын укугун жана кызыкчылыгын камсыздоо боюнча аткарылган иштер тууралуу маалыматын угуп жана талкуулап айылдык кеңешинин сессиясы,

**ТОКТОМ КЫЛДЫ:**

1. Нарзан айыл өкмөтүнүн социалдык суроолор боюнча бөлүмүнүн балдардын укугун жана кызыкчылыгын камсыздоо боюнча 2024-жылдын 1-2 кварталында аткарылган иштер тууралуу маалыматы эске алынсын.

2. Нарзан айыл өкмөтүнүн социалдык суроолор боюнча бөлүмүнө:

-укук коргоо органдары, райондук билим берүү бөлүмү, социалдык өнүгүү башкармалыгы менен биргеликте укук бузууларды, суициддерди, балдарга карата үй-бүлөлүк зордук зомбулуктун алдын алуу боюнча иш-чаралар системалуу жүргүзүлсүн.

-Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө Кодексинин 20-беренесине ылайык ар квартал сайын балдардын укугун жана кызыкчылыгын камсыздоо боюнча аткарылган иштер тууралуу маалымат айылдык кеңешке берилип турсун.

3. Жооптуу катчы бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстициясынын Чүй-Бишкек башкармалыгына каттоо үчүн жөнөтсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Нарзан айыл өкмөтүнүн башчысы И.Э.Оскомбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. К. Кулжанов**